**Кыргыз билим берүү академиясынын вице-президенти, профессор С.О.Байгазиевдин «Манастаануу: Бакай-чыгыштын акылманы, кыргыз калкынын руханий жол башчысы жана улуу патриоту» аттуу жаңы китеби жарык көрдү.**

Профессор Советбек Байгазиевдин бул китебин жаңылык – китеп десек жаңылышпайбыз. Анткени окумуштуунун бул эмгеги улуу «Манас» эпосунун борбордук каармандарынын бири акылман Бакай жөнүндөгү Кыргызстандагы биринчи китеп. Китепте капилеттен сөз тапкан, караңгыда көз тапкан Бакайдын акылмандык касиеттери, адамдык улуу сапаттары, мекенчилдик нарк-насили, дипломаттык устаттыгы, Манас баатыр менен болгон улуу достугу, аны менен бирге ата-журттун эркиндиги, кыргыз мамлекеттүүлүгү үчүн жүргүзгөн каармандык күрөш, көрсөткөн жоокердик-баатырдык эрдиктери, моралдык-этикалык философиясы, сүйүүсү, баштан кечирген драмалары жана жеңиштери, даанышмандын образынын жалпы адамзаттык мазмуну жана тарбиялык мааниси жөнүндө эпостун сюжеттик окуяларын жана фактыларын кеңири аналитикалык талдоолордун негизинде алгач жолу кең-кесири жана ынанымдуу сөз болот. Монографиялык нукта жазылгандыгына карабастан жалпы окурмандарга түшүнүктүүлүгү жана кызыктуулугу-китептин артыкчылыгы.

Китеп жалпы калайык-калкка, окуучуларга, студенттерге, мугалимдерге, тарбиячыларга, окутуучуларга, ата-энелерге, изилдөөчүлөргө арналат.

